Министерство образования и науки
Кыргызской Республики

КЫРГЫЗСКО-УЗБЕКСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ

НАУКА
ОБРАЗОВАНИЕ
ТЕХНИКА

Международный научный журнал
Выходит четыре раза в год

№ 1, 2 (35-36), 2011

Ош-2011

КЫРГЫЗСКО-УЗБЕКСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
НАУЧНЫЙ ЧИТАЛЬНЫЙ ЗАЛ
ИНВ № 2228
ИНН 01103198810027

РЕДАКЦИОННЫЙ СОВЕТ ЖУРНАЛА

Эргешов И.Э. - председатель Совета, и.о. ректора Кыргызско-Узбекского университета, канд. хим. наук, проф., член-корр. ИА КР (химия, биология и экология)

Мендекеев Р.А. - главный редактор, проректор по науке и внеш. связям, д-р техн. наук, проф., член-корр. ИА КР (горные и строительные машины, геотехнология)

Рузиева Ё.И. - отв. секретарь, доц. каф. русс. филол., редактор РИСО «НОТ» КУУ

Члены Совета

Абдраимов С.А. - д-р техн. наук, проф.,акад. МИА, Президент ИА КР(машиностр., горн. дело)

Абдувалиев И. - д-р филол. наук, проф., ЖАГУ (кыргызский язык и литер., филология)

Анарбаев А.А. - канд. филос. наук, доц., декан ОшГУ (филос., иностр. языки, филология)

Алымкулов К.А. - д-р физ.-мат. наук, проф., член-корр. НАН КР, зав. каф. высшей математики КУУ (высшая и прикладная математика)

Асанканов А.А. - д-р истор. наук, проф., член-корр. НАН КР, КГУ им. Арабаева (история)

Бабаев Д.Б. - д-р пед. наук, проф., ректор ИСИТО (педагогика, психология, физика)

Балбаев М.К. - д-р хим. наук, проф., дир. ИХБН ОшГУ (химия и химические технологии)

Балтабаева А.Т. - канд. филос. наук, доц., декан КУУ (философия, история, социология)

Джораев М.Дж. - д-р пед. наук., проф., акад. МАНВШ, проф. КУУ(физика и педаг. науки)

Джумаев Р.М. - канд. мед. наук, доц., директор Медколледжа КУУ (медицина)

Дуйсенов Э.Э. - д-р юрид. наук, проф., КГЮА (юридические науки)

Ефремов М.М. - д-р мед. наук, проф., член-корр. АМТН РФ, зав. каф. ОшГУ (медицина)

Зулпукаров К.З. - д-р филол. наук, проф., декан ОшГУ(филология, сравн. языкознание)

Зулпукаров А.З. - д-р экон. наук, проф., ЖАГУ (экономические науки)

Исманжанов А.И. - д-р техн. наук, проф., акад. ИА КР, зав. каф. КУУ (энергетика, физика)

Кадырова М.С. - канд. пед. наук, доц.,зав. каф. пед. и узб. филол. КУУ (педагог. и психол.)

Каримова Б.К. - д-р биол. наук, проф., зав. каф. ОшТУ (биологические науки)

Кенжаев И.Г. - д-р техн. наук, проф., проректор ОшГУ (энергетика и физика)

Мамасаидов М.Т. - д-р техн. наук, проф., акад. НАН КР, проф. КУУ (машиностр., горное дело)

Маманазаров Дж.М. - д-р мед. наук, проф., зав. каф. Медколледжа КУУ (медицинские науки)

Маматурдиев Г.М. - д-р экон. наук, проф., акад. ИА КР, проф. КУУ (экономика и прикл. матем.)

Мурзубраимов Б.М. - д-р хим. наук, проф., акад., дир. ИХХТ НАН КР (химия и химич. технол.)

Мурзабаев Б.О. - канд. хим. наук, доц., декан КУУ (химия и биология)

Мирзакулов С.М. - канд. филол. наук, доц. каф. пед. и узб. филол. КУУ (узбек. язык и литер.)

Нурмонов А.Н. - д-р филол. наук, проф., проф. АнГУ, Узбекистан (узбекский язык и литер.)

Сатыбаев А.Дж. - д-р физ.-мат. наук, проф. КУУ (высшая и прикл. математ., информатика)

Сатыбалдиева Ч.Т. - канд. истор. наук, зав. каф. истор. и филос. КУУ (история и философия)

Текенов Ж.Т. - д-р техн. наук, проф., акад., дир. ЮО НАН КР (горное дело, физика)

Тольбаев Б.Л. - канд. юрид. наук, доц. КУУ (юридические науки)

Туралиев Ж.К. - канд. филол. наук, доц. каф. кырг. филол. КУУ (кырг. филология и литер.)

Укуева Б.К. - канд. филол. наук, доц., доц. ОшГУ (кыргызская филол. и литература)

Шарипова Э.К. - д-р филос. наук, проф., заф. каф. ВиМО КУУ (философия и социология)

Учредитель:
Кыргызско-Узбекский университет
Журнал зарегистрирован
Министерством юстиции
Кыргызской Республики
Рег. свидетельство №387 от 23.06.1999 г.

Адрес редакции:
723503, Кыргызстан, г. Ош, ул. Исанова, 79
Тел.: (00996-3222) 5-45-42; 5-25-90
Факс: 5-45-42; 5-70-55; 2-54-73
E-mail: nauka_kuu@mail.ru; yorkinoy_72@mail.ru

Журнал входит в перечень научных и научно-технических периодических изданий, рекомендованных Национальной аттестационной комиссией Кыргызской Республики для опубликования научных результатов диссертационных работ.

Журнал зарегистрирован в Национальной книжной палате Кыргызской Республики в 1999 году, перерегистрирован в 2004 году, международный шифр ISSN 1694-5220 .

© Кырг.-Узб. унив., 2011

К СВЕДЕНИЮ АВТОРОВ

Журнал «Наука, образование, техника» издаётся Кыргызско-Узбекским университетом 4 раза в год. В нем публикуются результаты оригинальных исследований по теории и методике научно-прикладных задач в области естественных, гуманитарных и технических наук.

Статья может быть представлена на русском, английском, кыргызском и узбекском языках.

Решение о публикации принимается редакционным советом журнала после рецензирования, учитывая научную значимость и актуальность представленных материалов.

Порядок оформления статей и рекламных материалов в журнале «Наука, образование, техника»:

1. Статья, поступающая для публикации, должна сопровождаться, как правило, рекомендацией учреждения, в котором выполнена работа, с рецензией ведущих учёных.

2. К статье прилагается аннотация на русском и английском языках с указанием названия и автора статьи.

3. Особое внимание следует обратить на ясность и лаконичность стиля, точность и последовательность в изложении материала. Статья структурно должна иметь вводную часть, основное содержание и завершаться выводом или заключением, библиографией использованной литературы.

4. Статья подписывается автором (ами). Статья представляется в электронном варианте с распечаткой текста шрифтом Times New Roman, A97_Oktom_Times (кырг. шрифт), Times Uzb, AANTIQUA (узб. шрифт) № 14, через 1,5 интервал, в одном экземпляре на формате А4. Текст должен быть записан в формате *.doc Word для Windows 7.0/6.0. Поля: верхнее - 25 мм, нижнее - 25 мм, правое - 25 мм, левое - 25 мм. Иногородние авторы могут направить статьи по электронной почте.

5. Все иллюстрации должны быть представлены в одном из форматах *.jpg, *.tif, *.bmp, *.psx. *.dfx и *.plt (формат AutoCAD) с разрешениями 300 dpi и выше для штриховых рисунков и 600 dpi для фотографий. Все формулы должны быть набраны редактором математических формул Equation.

6. Общий объем рукописи, включая литературу, таблицы и иллюстрации, не должен превышать 7 страниц.

7. Необходимо дать сведения об авторах (фамилия, имя, отчество; год рождения; учёная степень и звание; какой ВУЗ окончил и в каком году; место прохождения аспирантуры, докторантуры (если проходил); количество научных трудов; область исследований; полный почтовый адрес, номер телефона, телефакса. E-mail) и желательна фотография для создания банка данных.

Структура рукописи

Текст оформляется в следующей последовательности:

1. УДК (индекс по таблицам Универсальной десятичной классификации) располагается слева вверху.
2. Инициалы и фамилия (фамилии) автора (авторов) располагаются справа вверху.
3. Название на следующей строке.
4. Аннотация (на русском и англ. языках, на следующих строках, 1-3 предложения).
5. Основной текст. Все таблицы, иллюстрации (графики, рисунки, фото), сноски и др. должны быть приведены полностью, в соответствующем месте статьи. Рисунки должны иметь подрисуночные надписи, которые могут располагаться также на отдельных листах, в тексте должны быть сделаны ссылки на рисунки. Текст завершается выводом (заключением) и библиографией (литературой).
6. Условные обозначения единиц измерений и общепринятые сокращения терминов должны быть согласно ГОСТу и правилам орфографии.
7. Список литературы нумеруется в порядке ссылок по тексту. Ссылки помещаются в прямые скобки, например, [3], [1-3]. Библиографическое описание каждого источника должно быть оформлено по ГОСТ 7.1-84.
8. Текст статьи может быть сокращен в результате редподготовки. Отношение редакции к спорным вопросам может быть отражено в предисловии или комментарии к статье.

Материалы следует направлять по адресу:
714018, г. Ош, ул. Исанова, 79, Кыргызско-Узбекский университет, 2-й учебный корпус.
Редакция научного журнала «Наука, образование, техника».
Тел./факс: (03222) 5-45-42, 2-54-73, 5-70-55. Тел.: (03222) 5-25-90
E-mail: yorkinoy_72@mail.ru; nauka_kuu@mail.ru; kuu@ktnet.kg

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлиги

КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК УНИВЕРСИТЕТИ

Тарых-филология факультети

1811 **2011**

200 **ЖЫЛ**

Курманжан датка Маматбай кызы
кыргыз элинин көрүнүктүү тарыхый инсаны
(1811 - 1907)

* * * * *

«Курманжан датканын кыргыз тарыхындагы ээлеген орду»

Курманжан датканын 200 жылдыгына арналган
Жогорку окуу жайлар аралык Илимий конференция
30-март 2011- жыл, Ош шаары

Ушундай аталыштагы ЖОЖдор аралык илимий конференция 30-март 2011-жылы Кыргыз-Өзбек университетинде болуп өттү. Конференциянын ишине Ош шаарынын жогорку окуу жайларынын окумуштуулары, окутуучулары жана студенттери, ошондой эле Ош шаарында жашап жаткан, белгилүү тарыхчылардын бири, тарых илим. канд., доц. Т.Ө.Өмүрзакова жана башка Курманжан датканын урпактары катышышты.

Конференциянын пленардык жыйыны Кыргыз-Өзбек университетинин Чоң жыйындар залында салтанаттуу жана абдан кызыктуу өттү. Жыйынды Мамлекеттик тил

доц. Т.Ө.Өмүрзакова жана башка Курманжан датканын урпактары катышышты.

Конференциянын пленардык жыйыны Кыргыз-Өзбек университетинин Чоң жыйындар залында салтанаттуу жана абдан кызыктуу өттү. Жыйынды Мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор Ш.М.Эгембердиев алып барды.

Конференцияны куттуктоо сөзү менен КӨУнин ректору, проф. И.Э.Эргешов ачты.

И.Э.Эргешов. Бүгүнкү уюштурулуп жаткан илимий конференция чындыгында өтө маанилүү, анткени XIX кылымдын экинчи жарымында Курманжан датка энебиздей түштүк Кыргызстандан мынчалык деңгээлдеги бийик саясий аренага эч ким чыккан эмес.

Ар бир эле адамдын жашап өткөн өмүр жолу, тагдыр-таржымалы тарых үчүн кызмат кыла бербейт. Көзүнүн тирүүсүндө эле ооздон-оозго өтүп, даңазалуу санжырага айланган Курманжан датканын ысымы элибиздин тарыхына бекем сиңген.

Кыргыз коомунда аялдарга жогоркудай мамиле жасалганы, алардын өз алдынчалыгы, өз заманындагы жөндөмү менен белгилүү инсандарды жаратканы айкын. Аялзатынын даңкын чыгарган ошондой аялдардын бири айтылуу Курманжан болгон.

Өлкө башчысынын 2011-жылды Курманжан датканын жылы деп жарыялагандыгына байланыштуу датканын ысымына тереңирээк көңүл бурулуп, 200 жылдык маараке-сине арналып ар түрдүү иш аракеттер өткөрүлүүдө.

Мына ошондой иш аракеттердин бири биздин окуу жайдын Тарых-филология факультетинин демилгеси менен «Курманжан датканын кыргыз тарыхында ээлеген орду» деген аталышта жогорку окуу жайлар аралык илимий конференция уюштурулуп жатат. Илимий конференциянын ишине ийгилик каалаймын.

Анын сөзүн КӨУнин Илим жана тышкы байланыштар проректору, техника илимдеринин доктору, профессор Р.А.Мендекеев улады.

Р.А.Мендекеев. Элибизде «Өлгөндөр даңкталмайынча, тирүүлөр барктал-байт» деген жакшы кеп бар. Ошондуктан бүгүн уюштурулуп жаткан илимий конференциянын тарыхый мааниси өтө зор. 1991-жылы мамлекетибиз эгемендүүлүгүн алышы менен Датка энебиздин 180 жылдык маараке-си белгиленген. XIX кылымдын экинчи жарымындагы Кыргызстандын көрүнүктүү тарыхый инсаны, болочок Кыргыз мамлекетинин түптөлүшүнө белгилүү салымын кошкон, атагы алыска угулган, аялзатынан чыккан коомдук ишмер Курманжан энебиздин төрөлгөнүнө быйыл 200 жыл болуп турат. Учурунда кыргыз мамлекеттүүлүгү үчүн, кыргыз элинин келечеги үчүн бар күч-аракетин жумшаган энебиздин эмгеги жогору бааланып, КРнын Президенти Роза Исаковна быйылкы 2011-жылды «Курманжан Датка» жылы деп жарыялап, бүгүнкү күндө жер-жерлерде ар түрдүү иш чараларды өткөрүү башталып калды. Муну менен кош келген Эгемендүүлүгүбүздүн 20 жылдык маараке-си дагы белгиленип олтурганы кубанычтуу көрүнүш.

Мына ошондой иш аракеттердин бири – түштүк регионубузда биринчилерден болуп, биздин окуу жайдын «Тарых-филология» факультетинин демилгеси менен **«Курманжан датканын кыргыз тарыхында ээлеген орду»** деген аталышта жогорку окуу жайлар аралык илимий конференция уюштурулуп, бүгүн сиздердин катышууңуздар менен өтүп жатат. Мен бул алгылыктуу иш үчүн факультеттин, «Тарых жана философия» каф. жамаатына Ректорат жана өз атымдан рахмат айткым келет.

Курманжан датка күйөөсү Алымбек датка душмандарынын колунан өлгөндөн кийин бийлик саясатына аралашууга аргасыз болгон. Бекеринен ал «Алай падышасы» деген атак албаган, анын билгич, өтө чебер саясатынын натыйжасында Алай өрөөнүнүн эли аман калып, алардын ээлеген жери бүгүн Кыргызстанга таандык болуп турат.

Курманжан датка өз элин Кокон хандыгы салган оор салыктардан коргоп келген. Кийин Падышалык Россиянын басып кирүү саясаты башталганда, абдан кыйын заман-дарда аялзаты болсо да, өзүнүн даанышмандыгы, алысты көрө билген касиети, эр адам-дарга мүнөздүү болгон чечкиндүүлүгү, тайманбастыгы, дипломатиялык чеберчилигинин жемиши менен Алай өрөөнүнүн эллин, жерин аман сактап калууга жетише алды. Анын «датка» наамына, азыркы аскердик чин менен айтканда «генерал-майор» наамына

татыктуу болушу бекеринен эмес.

Өмүрүндөгү күйөөсүнөн, балдарынан айрылган оор жоготуулардан кажыбастан, эки тизгин бир чылбырды колго алып, өзүн мамлекеттик ишмер сапатында көрсөтө алган даанышман Датка энебиздин ысмы бүтүндөй Орто Азия жана Кыргыз тарыхында кылымдарга жашай бермекчи. Анын басып өткөн өмүр жолу, аткарган иштери, айрыкча, бүгүнкү биздин студент жаштарыбызга – Мекенибиздин келечек ээлерине чоң өрнөк болот, жаштар бул тарыхый инсанды өздөрүнө идеал катары тутушат деп ишенебиз !

Андан кийин Курманжан датканын ишмердүүлүгүн изилдөөчүлөрдүн бири, Улуттук Илимдер Академиясынын Түштүк бөлүмүндөгү аймактык илимий борборунун дирек-тору, т.и.к., доц. Турсунай Өмүрзакова Курманжан датканын өмүр жолу тууралуу кеңири илимий доклад жасады. Анын айрым маалыматтары келтирилди.

Т.Ө.Өмүрзакова. Ар бир адамдын эле жашап өткөн өмүр жолу, тагдыр таржымалы тарых үчүн кызмат кыла бербейт. Өзү жашап турганда эле санжырага айланган Курманжан датка тарыхта өз ордун тапкан.

Курманжан датка 1811-ж. Ош шаарынын түштүк-батыш тарабында жайгашкан Орке кыштагында Мунгуш уруусунун Жапалак уругунан чыккан Маматбай аттуу адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Ал жаш жаш кезинен эле элдик үрп-адатты, каада-салтты кадырлаган, келим-кетимдүү үй-бүлөдө тарбияланган, ойлогон оюн түз бетке айткан акыл-эси башкалардан өзгөчөлөнүп турган намыскөй кыздардан болуп өскөн.

Курманжандын саясаттчы жана коомдук ишмер катары калыптанып, такшалышына Алымбек датканын таасири чоң болгон, анткени «алтын баштуу аялдан, бака баштуу эр артык» деген түшүнүк үстөмдүк кылган катаал заманда Курманжандын саясий көз карашынын каллыптануусуна алгач өзү менен үзөңгүлөш ала жүрүп Алымбек калыптандырса, кийинчерээк Кокон хандыгынын, Орусия менен Кокон хандыгынын тирешүүлөрү олуттуу таасирин тийгизген.

Алай ханышасы Курманжан датканы даанышман ханыша катары гана баалабастан, кадырман жар, кайраттуу эне, балдарынын улуу тарбиячысы катары да кароого болот. Анын беш уулу тең эл жүгүн аркалаган эр азамат баатырлардан болушкан. Курманжан датка уулдарынын гана энеси болбостон, элдин дагы энеси болгондугу анын кенже уулу Камчыбектин Орусия колонизаторлорунун курмандыгы болгондо ачык көрүнөт. Сот болгонго чейин эле Курманжанга далай эр азаматтар, кадыр барктуу эл башчылары кайрылышып, «Бектерди бошотуп алалы, абакканадан алып чыкканда, эң ишенимдүү жоон топ азаматтардын шамдагайлык кол салуусу менен аскерлердин колунан куткарып, Алайды көздөй алып кетели. Өтө эле жанга күч келип баратса, чек арадан Кашкарга өткөрүп жиберсек болот» деген сунуштар менен кайрылышкан. Алардын бир тобу түрмөгө кол салууга даяр экенин билдиришкен. Эгерде Курманжан даткадан макулдук болсо эле, ошол замат кан төгүлүү башталмак.

Курманжан: «Эне үчүн көз алдында баласын о дүйнөгө узаткандан катуу азап жок, өзөгүм өрттөнүп, от кечип, чок чайнаган абалдамын, баламды сактап калсам эл кырылат, элимди сактап калсам, балам курман болот. Мен түпсүз туңгуюктун арасында, жылчыксыз ордун ичинде калдым, балам деп караламан элди кыргынга салсам бу дүйнөдө, тиги дүйнөдө да мага кечиримсиз. Кудай кылса кубарыңдын акысы барбы? Кудай пешенеге ушуну жазыптыр, күнөөсүз өлүм - шейит өлүм, Камчыбектин аркы дүйнөсүн бейиштен берсин деп тилегиле!», - деп жооп берген экен. Ботосунан айрылып, боздогон ингендей ичинен кан өтүп турса да, анын дилинде кажыбас кайраттуулук, темирдей бекемдик, алысты көрө билген көсөмдүк, жалпы элдин тынчтыгын баласынан жогору койгон кеменгерлик касиеттер жатат. Анын ички дүйнөсүнө бүлүк салып, жарык дүйнөнү караңгы кылып, карбаластаткан эң оор учурларда өзүн жоготпой кармай билген кайраты ушул азаптуу күндөрдө таасын көрүнгөн. Кыргыз каныкесинин ушундай кайратына душмандары да тан беришкен.

Курманжан датка энебиз Азиянын кийинки эки миң жылдык тарыхында ушунчалык бийик саясий сереге көтөрүлгөн, аял затынан чыккан биринчи улуу инсан катары

«Алай ханышасы» деген ат менен түбөлүккө тарых баракгарында жазылып кала берет.

96 жылдык өмүр жолунда өзүнүн керт башына, үй-бүлөсүнө, бала бакырасына не бир адам чыдагыс азап тозоктор, мүшкүл трагедиялар туш келсе да, датка энебиз аялмын деп мүнкүрөбөй, элинин, журтунун мүдөөсүн жогору коюп, тарыхтын, шум замандын катаал сыноолоруна сырттандардай туруштук көрсөттү. Ошонусу менен бүткүл ала тоолук ак калпак кыргыз элинин кадырман энесине айланып, аруу элеси урпактарынын жүрөгүндө өлбөс-өчпөс болуп сакталып калды. Курманжан датка энебиздин биз үчүн улуттук сыймык катары теңдешсиз улуулугу, кол жеткис ыйыктыгы жана ченемсиз бийиктиги мына ушунда турат. Курманжан датканы XIX кылымдын экинчи жарымындагы кыргыз коомчулугунун эң көрүнүктүү мамлекеттик ишмери болгон деп эсептөөгө толук негиз бар.

Датка элдик улуу нарк-насилди унутпоо керек деп эсептеген. Бул эң оболу улууларды урматтоо, ата-энелерди кастарлап сыйлоо, айрыкча элдик ар-намысты бийик тутуу, өз мекенин сүйүү, бир-бирине чын пейилден жардам берүү, башка кырсык түшкөндө колдоо көрсөтүү жана дайыма меймандос болуу сыяктуу эң жогорку адеп-ахлак көчмөн калктын руханий маданиятынын бийик туусу болгон. Ал өмүрүн Алайдын бийик тоолорунун арасында өткөргөнү менен, мезгилдин көптөгөн саясий окуяларына жигердүү катышып, таасирин жоготпой кала берген, чарбалык, саясий, экономикалык, коомдук жана каада-салт маселелерин чечүүдө дайыма элдин кызыкчылыгын жогору койгондугуна бүгүнкү күндө тарых күбө. Жылдын кайсы мезгилинде болбосун, жайлоодо болобу же кыштоодо болобу, Датканын чоң боз үйүнүн алдында дайыма казан толо эт кайнап, меймандын аягы үзүлчү эмес. Айтымында андагы даярдалган тамак-аш жол жүрүп бараткан жолоочуларга жана кедей-кембагалдарга, жарды-жалчыларга берилүүчү экен. Ал учурларда азыркыдай тамак сатуу жат көрүнүш катары бааланган. Ар бир боз үйдүн ээси жолоочуну ак ичиңиз, даам татып кетиңиз деп чакырышкан...

Мындан кийинки кезекте тарых илим. докт., ОшТУнун проф. Б.А.Нурунбетов Россия падышасынын Фергана өрөөнүнө атайын жиберген "Алай илимий-аскердик экспедициясы", анын мезгилиндеги Курманжан датканын иштери жөнүндө айтып берди.

Б.А.Нурунбетов. Кокон хандыгы жоюлган кезде Түштүк Кыргызстандын тоолуу аймактары, Алай ж.б. өрөөндөрү орус мамлекетине каратыла элек болчу. Фергана областынын жаңы аскер губернатору М.Д.Скобелев кандуу колун кургатпай, көтөрүлүштүн саркындыларын жок кылууну, баскынчылык саясатын улантууну көздөгөн.

М.Д.Скобелев моюн сунбаган кыргыздарды талкалоо үчүн атайын "Алай или-мий-согуштук экспедициясын" уюштурган. Экспедициянын курамына аскердик күчтөр-дөн тышкары бир топ окумуштуулар кошулган. Алар барометриялык байкоолорду жүргүзүп, зоогеографиялык, статистикалык материалдарды жыйнашып, топографиялык чиймелерди даярдашат деп жиберилген. Чындыгында бул экспедиция алай кыргыздарын биротоло каратууга багытталган кадимки элс согуштук басып алуу экспедициясы болгон. Эркиндикти сүйгөн алайлык кыргыздардын күрөшүнө Алымбек жана Курманжан даткалардын уулдары Абдылдабек, Батырбек, Мамытбек жана Асанбек жетекчи болгон.

Алай тоолорундагы кармаштар орус аскерлери үчун ыңгайсыз жана татаал шарттарда жүргөндүктөн, өзүнүн оордугу жана саясий-стратегиялык мааниси жагынан Ферганын түздүктөрүндө 1875-1876-жж. жүргүзүлгөн согуштарга тете болгон. Бул кармашта көтөрүлүшчүлөр баскынчыларга каршы жан аябай катуу каршылык көрсөтүшкөн. Жазалоочулар эч кимди аяган эмес. Балдар, аялдар, кары-картандар кыргынга учураган. Бул экспедицияга Шабдан Жантай уулу, нөкөрү Баяке, иниси Байбосун баштагап 40тан ашык жигиттери менен катышкан. Ал орустар менен алайлык кыргыздардын ортосунда ортомчу болуп, экспедициянын тыпчтык жолу менен жүрүшүнө аракет кылган. Анын аракети менен далай жерде кан төгүлбөй калган...

Андан соң Курманжан датканын чебереси, Ош шаарындагы "Алымбек датканын айылы" тарыхый-этнографиялык музейдин уюштуруучусу П.Жусуева чыгып сүйлөдү.

П.Жусуева. Курманжан Маматбай кызынын мекени - тээ байыртадан эле Мерва деген ат менен белгилүү болгон Мады айылы ыйык жер болгон. Ал мунгуш уруусунун баргы уругунан чыккан Маматбайдын үй-бүлөсүндө 1811-жылы жарык дүйнөгө келген. Маматбай эл катары оокат кылган, карапайым кыргыз болгон. Курманжандагы эң мыкты сапаттар анын атасы менен апасынын тарбиясынан оошкон. Элдин салтынан чыкпаган Маматбай кудалап барган мунгуш уруусунун жоош уругунан чыккан Садиардын уулу Кулсейитке кызын турмушка берген. Курманжан ата-энеси, тууган-туушкандарынын каршылыгына муюбастан, атасынын үйүнө келе берген. Мунун өзү ошол мезгилдин шарты боюнча чоң эрдик эле. Анткени, мусулман дини өтө таасирлүү болуп турган аймакта мындай иштерге чыгынуу күнөө катары эсептелген. Демек, анын дагы бир сапаты чечкиндүүлүк болгон.

Курманжан энебиздин саясий ишмердүүлүгүнүн, адамдык бийик сапаттарынын жогорку деңгээлге жетишине жана кыраакылык сапаттарынын калыптанышына анын кайын энеси Жылжы байбичинин таасири чоң болгон. Анткени Жылжы байбиче ошол мезгилде Алай жергеси аркылуу өткөн Улуу жибек жолундагы алым-салымдарды тескеп туруу менен Алай аймагында өтө зор кадыр-баркка ээ болчу жана бул аймактан өткөн аттуу-баштуу адамдар ага кайрылып салам берип өтүүчү.

Курманжанды Падышалык Россиянын бийлик адамдары абдан кадырлашкан, анын сөзү жерде калбай, эсептешип турушкан. Гүлчөдөгү аскерлерди өлтүргөн деген жалаа жабылып, балдары Махмудбек менен Асанбек, небереси Мурзапаяз Сибирге сүр-гүнгө айдалганда, 1897-жылы 15-февралда, Түркстан генерал-губернаторуна балдарын бошотуу жөнүндө кайрылган. 1897-жылы генерал-губернатор барон Веревский Россиянын Аскер министрине Курманжан датканын балдарына эркиндик берүүсүн суранып кайрылган. Албетте, ошол мезгилде «жарым падыша» деп аталган, аймагы жагынан эң чоң губерниянын генерал-губернатору ар ким үчүн эле ушул сыяктуу өтүнүчтөрдү жаза бербеген, бул да болсо Курманжан датканын ошол доордогу ээлеген ордун, кыргыздардын арасында гана эмес, падышалык бийлик төбөлдөрүнүн арасында да кадыр-барктуу экенин таасын чагылдырат. 1897-жылы 19-мартта Курманжан датканын балдарын бошотуу боюнча Петербургдан Аскер министринин көрсөтмөсү келген.

Атактуу датка энебиз 96 жаш курагында, 1907-жылы 1-февралда, Мады айылында жарык дүйнө менен коштошкон. Бирок, анын жасап кеткен иштери, акылман сөздөрү эл эсинде калып, бүгүнкү күндө Кыргызстанда гана эмес, бүткүл Борбордук Азиядагы аялдарга үлгү болууда.

Сөзүмдүн акырында, КӨУнин жетекчилерине жана факультет окутуучуларына Курманжан датканын 200 жылдыгына арналган ушундай конференцияны уюштуруп, анын урпактары болгон бизди чакырып, катыштырып жатканыңыздар үчүн туугандардын атынан чоң ыраазычылыгымды билдирем.

Пленардык жыйындын аягында конференциянын демилгечиси жана жооптуу уюштуруучусу «Тарых жана философия» каф. башчысы, тарых илим. канд. Ч.Т.Сатыбалдиева докладынын тезистери боюнча кыска сүйлөдү.

Ч.Т.Сатыбалдиева. Курманжанды Курманжан кылган анын акылдуулугу, айкөлдүгү, адептүүлүгү, тапкычтыгы, кайрымдуулугу, чыдамдуулугу, сабырдуулугу жана жөндөмү болгон. Датка энебиздин тарых далилдеген, элдин бүтүндүгү үчүн кам көргөн, дагы бир касиети - тынчтыктын символу болгондугун бүгүнкү биздин жашообуздагы оош-кыйыш күндөрдөн таасын көрүп турабыз. Анткени, Датка энебиздин 180 жылдык мааракеси мамлекетибиздин эгемендүүлүгүн алганга жана мындан 20 жыл мурда улуттар аралык чыр-чатакты жоюуга, ынтымактуулукка чакырууга дал келсе, бүгүнкү күндө 200 жылдык мааракеси мамлекетибиздеги болуп жаткан кайгылуу окуяларга туура келиши да бекеринен эмес. Курманжан датка көзүнүн тирүүсүндө элибиздин эркиндиги, бүтүн-дүгү, ынтымактуулугу үчүн күрөшсө, анын арбагы бүгүн болуп жаткан оош-кыйыштуу маселелерге түйшөлүп жаткандай сезилет. Ушул максаттан, алганда быйылкы жылдын «Курманжан датка» жылы деп жарыяланышы, Республикабыздын региондорунда, окуу

жайларда Датка энебиздин урматына арналган түркүн иш чаралардын өткөрүлүшү, анын тарыхтагы татыктуу ордун жана элибиздин ынтымактуулугун артырууга чоң салым кошот деп ишенебиз.

Ушундай иш чаралардан тышкары калбай, биз - «Тарых жана философия» кафедрасынын жамааты - демилге көтөрүп, «Курманжан датканын кыргыз тарыхындагы ээлеген орду» деген аталыштагы илимий конференцияны уюштуруп, бүгүн сиздер менен өткөрүп олтурабыз. Конференция үч багытта (секция боюнча) өткөрүлөт:

1-багыт. Курманжан датканын дүйнө таанымына философиялык анализ;

2-багыт. Курманжан датка - Алымбек датканын саясий ишмердүүлүгүн улантуучу катары;

3-багыт. Курманжан даткага жана анын иш аракетине мезгилдин тарыхый баасы.

Конференциянын баардык катышуучуларын активдүү катышууга чакырам.

Жыйындын соңунда Тарых-филология факультетинин деканы, филос. илим. канд., доц. А.Т.Балтабаева конференциянын маанисине токтолуп, анын катышуучуларына ыраазычылык билдирди. Ал жана КӨУнин ректору И.Э.Эргешов келген меймандарга сый катары эстелик буюмдарды тартуулашты.

Илимий конференцияга 100 дөн ашык докладдар келип түшкөн, алардын ичинен 60 тан көп докладдар секцияларда окулуп, талкууланды. Докладдар Курманжан датканын өмүрү, таржымалы, мамлекеттик ишмердүүлүгү, адамдык сапаттары, заман-даштарынын эскерүүлөрү багытында болуп, абдан кызыктуу, кеңири талкуудан өттү. Алардын бардыгында, докладчылар жана чыгып сүйлөгөндөр Курманжан датканын 200 жылдыгын белгилөөнүн тарыхый маанисин ачык айтышып, бул өз убагында аткарылып жаткан, эң туура иш болгондугу тастыкташты.

Конференциянын жыйынтыгында мыкты докладдардын авторлоруна жана активдүү катышуучуларга Кыргыз-Өзбек университетинин Ардак грамоталары тапшырылып, конференциянын чечимдери кабыл алынды.

ЧЕЧИМДЕР:

1. ЖОЖдордун тарых эмес адистиктеринде окуп жаткан студенттерине, башка тарыхый инсандар менен катар, Курманжан датканын Кыргызстан тарыхындагы ээлеген ордун жана ролун терендетип окутуу жагы каралсын.

2. Тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүн окуп үйрөнүүнүн негизинде студенттерди Мекенди сүйүүгө, эмгекчилдикке жана толерантуулукка тарбиялоо күчөтүлсүн.

3.Конференциянын секцияларында мыкты деп табылган докладдардын авторлору КӨУнин Ардак громаталары менен сыйлансын.

4.Конференцияда басууга сунушталган докладдар Университеттин «Илим, билим, техника» («НОТ») журналына басып чыгарылып, коомчулукта жана илимпоздор арасында талкуулансын.

Кыргыз-Өзбек университетинин «Наука, образование, техника» («Илим, билим, техника») журналынын кезектеги №1-2, 2011-ж. номери ушул аталган илимий конференциянын сунушталган докладдарын (илимий макалаларын) басып чыгарууга арналды.

Ошондой эле журналдын бул санында, 2011-ж. январь айында болуп өткөн Кыргыз-Өзбек университетинин кезектеги 12-илимий сессиясынын – КӨУнин 2010-жылдагы илимий ишмердүүлүгүнүн кыскача жыйынтыктары берилди.

Журналыбызда бул санында ошондой илимдин башка тармактарындагы авторлорубуздун ар кандай макалалары басып чыгарылды.

«НОТ» журналынын Редакциясы бардык авторлоруна ыраазычылык билдирет жана жарыяланган материалдар адистерге, биздин окурмандарга пайдалуу болот деп ишенет, биз сиздер менен иштешүүгө дайыма даярбыз жана сунуштарды кабыл алабыз.

КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК УНИВЕРСИТЕТИНИН 2010-ЖЫЛДАГЫ ИЛИМИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮК БОЮНЧА НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Университеттин кезектеги 12-илимий сессиясы 2011-жылы 20-22-январда өткөрүлүп, ал 2010-жылы факультеттерде жана коллеждерде аткарылган илимий иштердин (ИИ) жыйынтыктарын талкуулоого жана 2011-жылга иш пландарын, үстүбүздөгү жылда аткарылуучу зарыл милдеттерди кабыл алууга арналды.

Ар бир жылы өткөрүлүүчү илимий сессияларда факультеттерге жана кол-леждерге кырдаалга жараша улам жаңы маселелер коюлуп келген. Быйылкы 12-сессияда дагы декандарга жана директорлорго төмөнкү 4 багыт боюнча жылдык отчетторун жана индикативдик пландарды даярдоо маселеси коюлду:

1. Факультеттин адистиктери боюнча билим берүү рыногундагы абалдын анализи;
2. Адистиктерди камсыз кылуучу кафедралардын абалы (база, кадрлар);
3. Кафедраларды жана адистиктерди өнүктүрүү үчүн зарыл нерселер;
4. Факультеттин өнүгүүсү боюнча күтүлүүчү натыйжалар.

Сессиянын ишин Илим жана ТБ проректору т.и.д., проф. Р.А.Мендекеев алып барып, КӨУ ректорунун м.а., проф. И.Э.Эргешовго сөз берди. Ал 12-илимий сессияны ачып, кириш сөз сүйлөдү (1-сүрөт).

1-сүрөт. Ректордун м.а. И.Э.Эргешов 12-илимий сессиянын ачылышында

Андан ары сессия өз ишин Программа боюнча улантты. 20-январь, алгачкы күнү Каржы-экономика (Ш.О.Шакиев), Дүйнөлүк тилдер жана Эл аралык мамилелер (А.К.Кулназаров), Юридика-Бажы (А.М.Көкөева), Кыргыз-Россия (Р.Х.Тольдиева) жана Инженер-технологиялык (К.Абдырахман уулу) факультеттеринин жылдык отчеттору

жана пландык иштери кызуу талкууланды. Ушул эле отурумда КӨУнин докторанты И.У.Давыдовдун жылдык изилдөө иштеринин жыйынтыгы угулду. Отурумдар университеттин чоң окуу залында өттү. Докладчылардын баяндамалары катышып жаткан окумуштуулар менен окутуучулардын талкуусунан өттү, максаттуу сунуштар болду (2-сүрөт). Айрыкча Инженер-технологиялык факультетинин (К.Абдырахман уулу) отчеттук доклады жогоруда коюлган талаптарга жараша туура түзүлгөндүгү менен айырмаланып, кызыктуу талкуу жаратты. ИТФнын "Альтерэнерго" (А.Исманжанов) жана "Табигый таш" (Р.А.Мендекеев) Илим-изилдөө борборлорунун (ИИБ) иштерине оң баа берилди, ал эми "Формалуу кийим" ИИБнын отчету начар болду.

2-сүрөт. 12-илимий сессиянын катышуучулары чоң окуу залында



3-сүрөт. Р.А.Мендекеев факультеттердин ИИдеги рейтингин айтып берди.

Сессиянын иши 21-22-январда улантылып, Табият таануу-география (Б.О.Мурзабаев), Физика-математика (А.З.Зулпукаров), Тарых-филология (А.Т.Балтабаева) факультеттеринин жана Медицина (Р.М.Джумаев) жана Социалдык (И.А.Бакиров) коллеждеринин, ошондой эле "Комплекстүү бирикмелер химиясы" (Б.О.Мурзабаев), "Катастрофа медицинасы" (Ж.Маманазаров) ИИБлардын жылдык отчеттору талкууланды. Ушул эле отурумда КӨУнин докторанттары Б.О.Мурзабаев жана З.А.Каденовалардын жылдык изилдөө иштеринин жыйынтыгы угулду.

Сессиянын акырында Факультеттердин жана Университеттин жалпы 2010-жылдык статистикалык көрсөткүчтөрү Илим жана тышкы байланыштар бөлүмү (И.Э.Исаев, М.Касымов) тарабынан анализге алынып, Окумуштуулар кеңешинде кеңири талкууланды, 2009-жылдын көрсөткүчтөрү менен салыштырылды.

Аспирантура бөлүмүнүн (Б.Н.Абдулахамидова), "ИБТ" журналынын (Е.И.Рузиева), Илим-патент залынын (П.Назарбаева), Тышкы байланыштар (М.Казаков) жана Илим бөлүмүнүн (И.Э.Исаев) 2010-жыл үчүн отчеттору баяндалды. Илим жана тышкы байланыштар проректору, проф. Р.А.Мендекеев КӨУнин факультеттеринин, ИИБларынын жана коллеждеринин илимий ишмердүүлүк боюнча жетишкен рейтингдерине, 2011-жылы университеттин профессордук-окутуучулук курамы аткарууга зарыл болгон милдеттерге жана чечимдерге токтолду (3-сүрөт).

КӨУнин 2010-жылдагы илимий ишмердүүлүк боюнча негизги көрсөткүчтөрү:

- Фундаменталдык жана колдонмо ИИ темаларынын саны: – 125
- анын ичинен мамлекеттик бюджеттик грант боюнча – 4
- Иштеп чыгуулардын жалпы саны: - 24
- анын ичинен машиналардын жаңы конструкциялары - 6
- жаңы технологиялар - 4
- буюмдардын тажрыйба үлгүлөрү - 4
- иштей алуучу макеттерди түзүү - 1
- окутуунун инновациялык усулдарын иштеп чыгуу - 8
- ИИ мамлекеттик гранттан каржылануусу, миң сом -1198
- Ишканалардын келишим каражаттарынан, миң сом - 352
- Грантка берилген долбоорлор - 13
- Утуп алынган гранттардын суммасы, миң долл. - 16,886
- Өткөрүлгөн илимий конференциялар, семинарлар - 16
- Илимий конференцияларда докладдардын жалпы саны: - 174
- анын ичинен, эл аралык конференцияларда, доклад - 51
- республикалык конференцияларда, доклад - 44
- КӨУнин конференцияларында, доклад - 79
- Профессор-окутуучулар курамы, адам : - 310
- анын ичинен, илим докторлору (штаттагылар), адам - 6
- илим кандидаттары (штаттагылар), адам - 51
- окумуштуу даражалуулардын үлүшү, % - 21
- докторанттар (изденүүчүлөр менен), адам - 8
- аспиранттар-окутуучулар, адам - 43
- изденүүчүлөр (кандидаттык диссертация), адам - 44
- Жакталган кандидаттык диссертациялар - 5
- Басылып чыккан илимий эмгектер: а.и. монографиялар - 9
- окуу китептери жана усулдук колдонмолор - 57
- илимий макалалар, бардыгы - 220
- анын ичинен, КМШ жана чет элдик басылмаларда, макала - 67
- республикалык / «ИБТ» журналында, макала - 77/84
- Ойлоп табууга алынган КРнын патенттери - 4
- Студенттик илим-изилдөө иштерине (НИРС) катышкан студенттер - 376
- Студенттердин илимий конф. докладдары: республика / КӨУ - 23/116

2010-жылдагы илимий ишмердүүлүктүн жыйынтыктары боюнча 12-илимий сессиянын чечимдери (22-январь, 2011-жыл).

Илимий ишмердүүлүктү талкуулап, Кыргыз-Өзбек университетинин Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:

1. Билим берүү жана илим министирлиги менен улантууга сунушталган 4 илимий долбоор боюнча каржылоону 1,0-1,6 млн. сом өлчөмүндө камсыз кылуу боюнча иш алып барылсын (Р.А.Мендекеев).

2. Эл аралык ж.б. ар кандай фонддорго долбоорлорду жазуу жана гранттарды алуу боюнча иштер жакшыртылсын, ар бир факультет жана колледж 1 ден долбоор даярдап, конкурстарга катышышсын (кафедра башчылары, декандар, директорлор жана Тышкы байланыштар кызматы - М.А.Казаков, А.Б.Джалиев).

3. Аспиранттардын жана докоранттардын жоопкерчилиги, чыгармачылык активдүүлүгү күчөтүлсүн, алардын ишине методикалык жардам берүүдө жана аттестациялоодо каф. башчыларынын формалдуу иш практикасы азыркы талаптарга жооп бербейт, ошондуктан бул иштерди системалуу жана натыйжалуу алып баруу каф. башчыларына милдеттендирилсин. Аспирантуранын жана докторантуранын бүтүрүүчүлөрү диссертациянын толук бүткөн 1-вариантын же ал боюнча илимий отчетун Аспирантура бөлүмүнө тапшырсын (Б.Н.Абдулахамидова).

Ректорат (И.Э.Эргешов, Р.А.Мендекеев, С.Т.Курганбаева) аларга мүмкүн болгон өлчөмдө каржыдан жардам берүү маселесин чечип берсин (коргоого жана илимий командировкага чыкканда).

4. «Илим, билим, техника» («НОТ») журналынын өз убагында чыгуусун камсыздоо жана сапатын көтөрүү боюнча системалуу иш жүргүзүлсүн (Е.И.Рузиева). Ар бир кафедра 1 жылда 3 дөн кем эмес макалаларды «НОТ» журналында жарыяласын.

5. Илимий-патенттик зал үчүн илимий журналдарга ж.б. басылмаларга мүмкүн болушунча жазылуу (подписка) аткарылсын, фондду автореферaттар жана диссертациялар менен толуктоо, абоненттерди тейлөө иштери камсыздалсын (П.Назарбаева).

6. Факультеттердин, коллеждердин профессор-окутуучулар жамаатынын 2010-жылдагы аткарган илимий-методикалык иштери канаттандырарлык жана айрым түзүмдөрдө жакшы. Декандардын жана директорлордун факультетти жана коллеждерди жакынкы келечекте (2011-2013-жж.) өнүктүрүү боюнча иштеп чыккан концептуалдык докладдары жактырылсын. Алардын негизинде өнүгүүнүн стратегиялык программалары иштелип чыгылсын, айрыкча базалык мектептер менен иштөө, абитуриенттерди тартуу, билим берүү рыногундагы абалга системалуу мониторинг жүргүзүү, жаңы адистиктерди ачуу, аларды телевидение жана ММК аркылуу кеңири рекламалоо, окуу процессин жогорку илимий-методикалык жана турмуштук практика менен айкалыштырып жүргүзүү боюнча иштер аткарылсын.

7. Конкуренциялык жарышта жана өнүктүрүү процессинде илимий-педагогикалык кадрлардын чоң ролун эске алып, 2010-ж. түрдүү себептерге байланыштуу аткарылбай калган, кандидаттык жана докторлук диссертацияларды коргоо камсыз кылынсын, бул иште диссертанттардын жана каф. башчыларынын жоопкерчилиги күчөтүлсүн.

8. Илим-изилдөө борборлорунун иши андан ары өркүндөтүлсүн, айрыкча «Формалуу кийим» ИИБсы, анын аталышы жана иш пландары ИТФнын окумуштуулар кеңешинде такталып, ректорат тарабынан колдоого алынсын. Иш жүзүндө иштөөсүн токтотқондугуна байланыштуу «Педагогика» ИИБсы 2011-ж. 1-январынан жабылды деп эсептелсин, 2010-ж. «Комплекстүү бирикмелердин химиясы» ИИБга бириктирилген «Органикалык синтез технологиясы» ИИБ дагы жабылды деп эсептелсин.

9.Университеттин түзүмдөрүн (факультет, кафедра, кызматтар) учурдагы каржылык абалга жараша оптималдаштыруу, колдо болгон ресурстарды (окуу корпустары, каражаттар, адистиктер, окуу жүктөмдөрү ж.б.) эффективдүү жана максатка ылайык пайдалануу, аларды ич ара кайра бөлүштүрүү иштери ректорат, окуу департаменти жана

факультеттер тарабынан бардык кызыкчылыктарды эске алуу менен жүргүзүлсүн.

10. Университеттин жана коллективдин биримдигине залал келтирүүчү ар кандай терс көрүнүштөргө жана жүрүм-турумдарга баа берилип, мындай учурларда тиешелүү моралдык жана административдик чаралар колдонулсун.

11. Бул чечимдердин аткарылышы илим жана тышкы байланыштар проректоруна (Р.А.Мендекеев), окуу департаментинин башчысына (Т.Э.Исаков) жүктөлсүн.

Сессиянын акырында илимий ишмердүүлүк боюнча алдыга чыгышкан факультеттер, ИИБлар, коллеждер жана окумуштуулар 22 номинация боюнча тиешелүү сыйлыктарын алышты (4-сүрөт). Мында Инженер-технология факультети жылдын эң мыктысы болду жана "КӨУнин Илим желеги" атайын байгесин алды. Сыйлыктарды ректор-

4-сүрөт. Сыйлык ээлери – 2010-жылдагы илимий иштердин алдыңкылары

дун м.а., проф. И.Э.Эргешов жана илим проректору, проф. Р.А.Мендекеев тапшырышты.

Ушуну менен кезектеги 12-илимий сессия өз ишин аяктады. 2010-жылдагы илимий ишмердүүлүктө Университеттин көптөгөн көрсөткүчтөрү 2009-жылга салыштырганда бир аз төмөндөп кеткендиги байкалды. Бул абал жүйөлүү себептердин (апрель, июнь окуялары, студенттердин окууну массалык таштап кетүүсү, каржынын жетишерлик азайышы ж.б.) негизинде түзүлгөндүгү такталды, бирок негизинен бюджеттик темаларды, илимий түзүмдөрдү сактап калууга мүмкүн болду.

I. ГУМАНИТАРНЫЕ НАУКИ

Нурунбетов Б.А. - т.и.д., проф.Ош ТУ

КУРМАНЖАН ДАТКА ТАРЫХЫЙ ИНСАН, КООМДУК ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК ИШМЕР

Элибиздин тарыхында мекенин сүйүп, журтун урматтап, ак дилинен кызмат кылган инсандар, алардын ичинде аял затынын өкүлдөрү, асылзаада кыздары көп болгон. Алсак Тамеристен баштап Жаңыл мырза, Каныкей ж.б. энелерибиз, алардын чыйрын улантканэлибиздин атактуу Курманжан Даткадай кыздары кыргыздын көчүн улап бүгүнкү күнгө жетип олтурабыз.

Жогоруда докладчылар белгилегендей тарыхый инсанга айланган Мамат кызы Курманжан Датка Түркстан гана эмес анын чек арасынан алыскы аймактарга да, алсак чыгышы Кытай, батышы Аралга чейин "Алай Ханышасы" деген атак менен кеңири таанымал болгон.

Табият берген таланттын шарапатына ылайык бийликти даанышмандык менен жүргүзүп, тунук идирегине таянып, коомдук башкаруу ишине катышып, датка деген наамды алган. Кыргыз тарыхында, кала берсе жалпы чыгышта чанда кезикчү тарыхый көрүнүш.

Курманжан Датка акыл кеңеши, таамай ойлору, кайталангыс ишкердик сапаты, жылдыздуу ажары менен калың журтка белгилүү болуп, зирек акылы, чечкиндүү ишмердиги, ажайып кереметтүү сапаттары менен бийик мартабалуу бийлер мындай турсун Кокон ханы, Бухара эмири, орустун Генерал Губернаторлору, ошондой эле императордун берген абройуна,бийик урмат сыйга ээ болгон. Курманжан Датка элин тышкы эзүүчүлөрдөн коргоп, калкынын көз каранды эместигин сактоого аракеттенген. Тарыхый кептелиш кырдаалда турмуш тажрыйбасын колдонуп, акыл-зиректиги, табигый таланты, көрөгөчтүгү менен айырмаланып, тунук акылы, элчиликке болгон шыгы байкалат. Кокон ханы Кудаярхан "Алайлык көчмөн" элине салык салууну көздөп барганда, салык бермек турсун кайра ханды жеңилдик берген грамотага кол коюга аргасыз кылгандыгы күбө.

Маселе чечүүдө Курманжан Датка биротоло жеңилүүгө чукулдап калган абалында да өтө кылдаттык жана ыраттуулук аракеттер менен ишке ашырып, даткалык кадыр баркын түшүрбөй ал түгүл төрт уулуна бирден аймактык акимдик бийликти алып берип, өз элинин бейкуттугун сактап калган. Анткени Туркстан Генерал- Губернатору менен Генерал Скобелевдин ошол убактагы психологиялык абалын өз убагында жазбай баамдаган.

1976-ж Генерал Губернатордун тапшыруусу менен Майор Ионов тынчтык келишимин түзүү үчүн датканын алдына барганда Курманжан Датка анын аскердик наамын сурайт.

-Мен майормун – Ионов жооп берет.

-А мен генералмын дейт Курманжан Датка токтоо гана.

Ионовду досторчо урмат көрсөтүү менен тосуп алып, өз кадырын калктын мартабасы менен өлчөп, туура баалап, өз даражасын теңдеш генерал менен сүйлөшүүгө макулдугун берет.

Генерал Скобелев Курманжан Датканы чоң салатанат менен тосуп алып "Алай Ханышасы" деп атайт. Курманжан Датка дипломатка татыктуу шыгы менен кармашта колго түшкөн козголоңчуларды азаттыкка чыгарып, чет элге качып кеткендердин кайра келүүсүнө уруксат алууга жетишкен. Калктын азаттыкка болгон далалатын колдоп, өз каршылаштары менен тынчтык жана кызматташтык жолун тапкан.

Генерал Губернатор Духовский менен жолугушуусунда (87 жашында) генералдын ишараты менен адютанттын аттандырайын деген аракетине, атына өзү минип, генералга "Али алдан күчтөн тая элекмин" -деп жылмайып, жоргосун таскактатып жөнөп кетет.

Курманжан Датка орус төбөлдөрүнө коомдук жана мамлекеттик ишмер катары кеңири белгилүү болуп, өз мезгилинде фергана облусунун акимдери Скобелев, Абрамов, Арандаренко, Ионов, Духовский, ал турсун Россиянын келечектеги согуш министри Куропаткин сыяктуу адамдар менен мамиле түзүп, тааныш болгон, тез-тез кат алышып, жолугушуп, сүйлөшүп турган.

М: 1901-жылы Курапаткин император Николай II өз кабинетинен асыл таштуу шакекти Курманжан Даткага атайын белек катары бергендигин өз катында кабардайт.

1894-жылы 17-январдагы орустун Генерал-Губернаторуна жазган каты, Генерал Губернаторлор менен болгон өз ара алакасы жана жогоруда келтирилген мисалдар курманжан Датканын зор кадыр барктуу башкаруучу, эл журттун башчысы элдердин биримдигин чыңдоого, алардын ортосундагы кызматташтыкты коргогон тарыхый инсан экендигин далилдейт.

Курманжан Датка терең интернационалдуулугу жана жалпы эли-журтка багытталган даанышмандыгы байкалат.

М: Архивдик материалдарда орус генералдарына жазган каттарда жана башка тарыхый маалыматтарда датка өз пикирин, демилгесин, накылын жалаң гана өз элине эмес жумурай журтка, жалпы элге багыштайт. Бардык кыймыл аракетинде, ишмердүүлүгүндө жалпы элге тең интернационалдуу инсан экендиги көрүнүп турат.

Өз кызыкчылыгынан элдин тынчтыгын бийик койгон Курманжан Датка уулу Камчыбекти күч менен бошотуп алуу сунушун четке кагып, элин сакташ үчүн өз уулунун дарга асылышын туура көргөн. Курманжан Датка аял затынан чыккан даанышман көсөмдүгү, көрөгөчтүгү, элин сактап калуудагы эрдиги бүгүнкү күндөгү журт башчыларына үлгү болуш керек. Курманжан Датка ажайып инсан катары улуттук акылдын белгиси, туу чокусу, элге кызмат кылуунун үлгүсү катары элибиздин бүгүнкү турмушун баамдоодо, бара жаткан жолубузга саресеп салып, жасап жаткан аракетибизге, ишибизди баамдоодо сынчы, тараза жана үлгү. Курманжан Датка табият берген шык жөндөмдүүлүккө таянып, атайын билим албаса да турмуштан сабак алып, урпактарына кылымдарга демөөр болгондой тарыхый жаркын из, ажайып үлгү болоорлук сабак калтырды.

Турмуш далилдегендей Курманжан Даткадай чыгаан инсандар тарыхый кептелиш кырдаалда, татаал жолдо акыл эси тунук адамдарга таянып, көчтүн башында туруп, жанын аябай эли журтун, калайык калкты катаал кыйынчылыктан сактап чыгарып жүргөн. Тилекке каршы, бүгүнкү күндө андай болбой, ириде адамдын зоболосун көтөрүп, баасын билген, ысыкка күйүп, суукка тонгон, кыйын учурда акыл таап, эл журт үчүн жан үрөгөн атуулдар кызматка келбей, күнүмдүк турмуштун кызыгына алданган өз көмөчүнө күл тартып, өз кызыкчылыгын биринчи орунга койгон, акчалуу, амалдуулар бийликке келип, анысы аз келгенсип, өз ара талашып, тартышып жатканы элибиздин шору, ыйы. Мыкты атуулдук сапаттарга, адамдык бийик касиеттерге ээ болгон Курманжан Датка энебиздин өмүр жолу, даанышман көсөмдүгү, кеменгер көрөгөчтүгү, эл тынчтыгын сактап калуудагы эрдиги бүгүнкү журт башкарган жетекчилерге, өзгөчө жаштарга үлгү болуш керек.

Бүгүнкү күндөгү кырдаалда бир гана өкмөт жетекчи жетекчилерин күнөөлөө да туура эмес. Алардын арасында И.Раззаковдой Курманжан Даткадай акыл эси бийик, мекенчил, мезгил бороонуна көкүрөк тоскон эр азаматтарыбыз деле жок эмес. Ар бирибиз, жаш болобу, кары болобу өз турмушубузга сын көз караш менен карап, элим үчүн, журтум үчүн эмне кылдым деген сурооого так жооп берип, акыл калчап алдыга кадам шилтеп жашасак адашпаган болоор элек. Өз деңгээлибизди туура баалап, ич күйдүлүк кылбай, бүгүнкү шартты туура талдап, мүмкүнчүлүгүбүзгө, талант шыгыбызга жараша өз ордубузду билип, арабыздан чыккан чыгаан, иш билги адамды колдоп, алардын жолу менен жүрүп каниет, сабыр кылсак топуктуу турмушка, жашоого жетише алабыз.

Нурунбетов Б., Темиралиева Г. - Сулайман тоо УТАМКсы. Ош ш.

КУРМАНЖАН ДАТКА МУЗЕЙИ УРПАКТАР ТАРБИЯСЫНЫН ОЧОГУ

МУЗЕЙ КУРМАНЖАН ДАТКИ – ЦЕНТР ВОСПИТАНИЯ ПОКОЛЕНИЙ

После достижения независимости Кыргызского государства, односторонняя советская идеология направленная на коммунизм потерпела крах, но открылся путь для раскрытия образа и деятельности великих личностей, которые были в народной сокровищнице. Эта статья посвящена деятельности Алайского районного исторического музея Курманжан Датки.

Кылым карытып жашап келе жаткан кыргыз элинин тарыхын иликтей келсек тарых

тамыры абдан тереңге сүңгүп барат. Өзүнүн көөнөргүс мурастары, оозеки чыгармалары, жоокер, нарктуу жана салттуу, намыска бекем журт башчылары менен таанылган чыдамкай кыргыз элинин тарыхый жашоо-турмушу соңку урпактарга эң сонун тарбиянын башаты болуп берүүдө.

Өзгөчө өлкө эгемендүүлүккө жетишкен мезгилден тартып муундарды кыргыз элинин эркиндиги үчүн күрөшкөн коомдук, саясий ишмерлерибиздин тарыхтагы ролу, коомго сиңирген эмгектери аркылуу жана улуттук каада-салттын, үрп-адаттардын негизинде тарбиялоо коомчулукта өз жемишин берери айкын болду. Мына ушунун өзү улуттук аң-сезимдин өсүшүнө түрткү берээри шексиз.

Мына ушундай улуу иштердин жүрүшүн колго алуу өлкөнүн маданият тармагында бирден-бир идеологиялык агартуу мекемеси болгон музейлерге таандык. Эмендүүлүккө жетишкенден соң өлкөдө советтик мезгилде бир беткей каралып же болбосо такыр каралбай келген тарыхый коомдук, саясий инсандардын ысымдары атала баштады. Ушундай инсандардын катарында XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз коомчулугунун эң көрүнүктүү мамлекеттик саясий ишмери Курманжан датканын ысымы өзгөчө айтыла баштады. Тарых баракчарында тастыкталгандай Орто Азиянын кийинки эки миң жылдык тарыхында бийик сереге көтөрүлгөн аялзаттан чыккан улуу тарыхый инсан жана кыргыз элинин улуттук баа жеткис сыймыгы-бул Курманжан датка. [3] Ошондуктан 1991-жылдын август айында кыргыз журтчулугу, элибиздин өткөн тарых-тагдырын, мыкты уул-кыздарынын өмүрүн, ишин, күрөшүн терең билүү, элге таанытуу, атуулдук сезимин ойготуу максатында улуу инсан Курманжан датканын 180 жылдык мааракесин өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алышат.

Уюштуруу иштери боюнча комиссиянын жыйынында Оштун күн чыгыш жагындагы Сар-Мазар көрүстөнүндөгү датканын сөөгү коюлган бейитти калыбына келтирүү, шаардын көрүнүктүү аянттарынын бирине улуу инсандын эстелигин орнотуу ошондой эле борбордук көчөлөрдүн бирине ысымын берүү жана Алай районунун борборунда Курманжан датканын тарых музеин ачуу, ал үчүн атайын имарат куруу жана башка маселелер каралат [1]

Жыйынтыгында Курманжан датканын ысымы Ош шаарынын негизги көчөсүнө ыйгарылып, көрүстөнү капиталдык ремонттодон өткөрүлүп, музей үчүн уникалдуу имарат Алай районунун борборуна курулат. Жалпы коомчулук, Алай районунун жетекчилеринин көмөктөшүүсүнүн артында жана областтык тарыхый-маданий музей-коругунун кызматкерлери тарабынан музейдин ички экспозициясын жасоо иштери башталат.

